DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2023

*Алымбаева З.А., Эсенкулова Э.Б., Бактыбеков А.Б.*

# АТА МЕКЕНДИК ЖУРНАЛИСТИКАНЫН ӨНҮГҮШҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

*Алымбаева З.А., Эсенкулова Э.Б., Бактыбеков А.Б.*

# ПРАВОВЫЕ ОСНОВЫ РАЗВИТИЯ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ ЖУРНАЛИСТИКИ

*Z. Alymbaeva, E. Esenkulova, A. Baktybekov*

# LEGAL BASIS OF THE NATIVE JOURNALISM DEVELOPMENT

*УДК : 070:34(575.2) (04)*

*Бул макалада Ата мекендик журналистиканын өнүгүшүнүн укуктук негиздеринин жалпы структурасын аныктоо жана укук бузуулардын алдын алуу субъектилерин, журналисттердин маалымат берүүсүн камсыз кылуу үчүн көп өлкөлөр эркин басма сөз үчүн укуктук жактан коргоону киргизишкен. Ошондой эле журналистиканын ордун, маанисин, маңызын жана өзгөчөлүктөрүн илимий негизде түшүндүрүү максатын көздөйт. Бул илимий макалада авторлор өзгөчө практикалык көндүмдөрдүн жана илимий изилдөөлөрдүн белгилүү, орчундуу маселелерин карай алышкан. Теманын актуалдуулугу бул журналистика – укуктук түзүлүштүн негизги фактору катары кароо, тагыраак айтканда бардык маселе, көйгөй, өзгөчөлүктөр Ата мекендик жана чет элдик булактардан негизделген. Массалык маалымат каражаттары укуктук негиздерге таянып бир топ маселелелерди кызматтык, мамлекеттик коомдук саясий иш процесстерин ишке чагылдырууда. Азыркы турмушта, дүйнөдөгү баардык мамлекеттерде ар кандай күчтөр өздөрүнүн максаттарына жетиш үчүн ММКарды колдонушат.*

***Негизги сөздөр:** журналистика, мыйзам, укук бузуу, этика, кодекс, талап, концепция, субъект, объект, жүрүм-турум, берене.*

*В данной статье определена общая структура правовых основ развития отечественной журналистики и определены субъекты профилактики правонарушений, в целях обеспечения информированности журналистов многие страны ввели правовую защиту свободной прессы. Она также направлена на научное объяснение места, значения, сущности и особенностей журналистики. В этой научной статье авторы смогли рассмотреть конкретные, важные вопросы, касающиеся конкретных практических навыков и научных исследований. Актуальность темы заключается в рассмотрении журналистики как основного фактора правового устройства, а именно в том, что все вопросы, проблемы, особенности основаны на отечественных и зарубежных источниках. Средства массовой информации, опираясь на правовые основы, реализуют ряд вопросов служебной, государственной общественно-политической деятельности. В современной жизни во всех странах мира различные державы используют СМИ для достижения своих целей.*

***Ключевые слова:** журналистика, закон, правонарушение, этика, кодекс, требование, концепция, субъект, объект, поведение, статья.*

*Journalism, norms, ethics, rights, code, requirement, concept, subject, an object, behavior, crime, measure, liberty, a priority, consistency. This study aims to determine the rights for the development of domestic journalism, determine the general structure and ensure that all subjects of prevention of violations are informed by journalists. In general, give a scientific explanation for all the features and requirements of the task. In this article, journalist can easily get a certain selection exceptionally practical and scientific knowledge skills. Relevance of the topic: journalism is the main factor in the legal structure, more precisely, all the requirements of the recommendation will be formulated on domestic and foreign sources. The mass, based on legal grounds, reflect a number of issues in the official, public and political work processes of the state. In the modern life, in all countries of the world, various forces use mass media to achieve their goals. Today, the national mass media can clearly show every fact and event. The search for problematic issues in real evidence also reflects the impact.*

***Key words:** journalism, law, offense, ethics, code, requirement, concept, subject, object, behavior, article.*

Журналистика кесибинде жалпы стандарттарды колдонуу маанилүү. Медицина же юриспруденция сыяктуу илимдерден журналистика эмнеси менен айырмаланат? Эң чоң айырмачылык маалымат каражаттарынын коомдо өзгөчө роль ойной тургандыгында болсо керек. Эркин басма сөздү көп учурда демократиянын кычкылтеги деп айтышат, анткени булар бири-бирисиз жашай албайт. Француз саясий баяндамачысы Алексис Токвилл мындан дээрлик 200 жыл мурда Америка Кошмо Штаттарына «Силер демократиясыз чыныгы гезитке, гезитсиз демократияга ээ боло албайсыңар» - деп жазган. Ал мезгилден бери дүйнө жүзүндөгү элдер ушул жөнөкөй ойдун канчалык чын экенине ынанды. Калыптанып калган же жаңыдан өөрчүп келаткан демократия маалыматтуу жарандарга көз каранды болот, ал эми басма сөз элдин өзүн өзү башкаруусу үчүн зарыл болгон маалыматтын негизги булагы болуп эсептелет [1, 3].

Журналисттердин маалымат берүүсүн камсыз кылуу үчүн көп өлкөлөр эркин басма сөз үчүн укуктук жактан коргоону киргизишкен. Мисалы, Америка Кошмо Штаттарда журналистика - Конституцияда көрсөтүлгөн бирден бир кесип, анда мындай деп айтылат: «Конгресс …сөз же басма сөз эркиндигин чектөөчү эч бир мыйзамды чыгарбайт». Америка Кошмо Штаттардын үчүнчү президенти Томас Джефферсон 1787-жылы минтип жазган: «Биздин бийликтин өзөгүн элдин ой-пикири түзгөндүктөн, эң биринчи максат, ушул укукту коргоо болууга тийиш, эгер мага бизде гезитсиз бийлик, же бийликсиз гезит болуш керек, ушул экөөнүн бирин тандаңыз дешсе, мен эч олку-солку болбостон туруп, акыркысын тандамакмын». Эркин коомдо журналисттердин белгилүү дең-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



гээлде укуктары менен бирге жоопкерчиликтери да болот. Кээ бир өлкөлөрдө бул жоопкерчиликтер ачык жазылган, ал эми башкаларында болсо ачык айтылган эмес. Бирок дээрлик бардык учурда аларда бир эле нерсе айтылат: журналисттер тышкы таасирлерге көз каранды болбостон, болгонун болгондой так маалымат берүүгө жоопкер [2, 4].

Журналистиканын негизги максаты – эркин коомдо жашаган жарандарды так жана ишенимдүү маалымат менен камсыз кылуу. Дүйнөдөгү демократиялык коомдордо маалымат каражаттары бийликтин саясий жана сот тармактарынын иш-аракеттерин көзөмөлдөө сыяктуу кошумча функцияны аткарат. Алар добушу жокторго добуш берип, бийликтеги көпчүлүк азчылыктын укуктарын бузбай тургандай кылуу менен демократияларга дем берип турат. XIX кылымдагы америкалык жазуучу жана юморист Финли Питер Дьюн “Журналисттин иши – бечараны жубатуу, байды бечара кылуу» деп жазган. Ошентип, эркин коомдо журналистиканын негизги милдети так сакталышы зарыл. АКШ журналисттер комитети XX кылымдын аягында кесибинин мүнөздүү өзгөчөлүгү жөнүндө журналисттерден сурамжылоо жүргүзүп, соңунда: «Журналистиканын негизги максаты – эркин коомдо жашаган жарандарды так жана ишенимдүү маалымат менен камсыз кылуу» деген жалпы тыянакка келген [3].

Журналистиканын коомчулук үчүн мындай маанисин жана зарылдыгын Кыргызстан эгемендик алган алгачкы жылдарда жогорку бийлик жакшы түшүнгөн. Анын аркасында демократиялуу жолдо өнүгүүнүн бирден бир негизи катарында журналисттиканын өнүгүүсүн камсыздап, журналисттик ишмердиктин жаңы шартта калыптануусун шарттай турган мыйзамдарды кабыл алуу аракеттери күчөгөн. Анын алгачкысы 1992-жылдын 2-июлунда кабылданган “КР Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” мыйзамы. Анда массалык маалымат каражаттары тууралуу түшүнүк берүүдөн тартып, негиздөөнүн, катталуунун шарттары, кимдер кандай негизде маалымат каражаттарын түзүшү мүмкүн экендигинен тартып, кандай маалыматтарды жарыялоого болот жана тескерисинче кандай маалыматтарды массага жайылтууга тыюу салынат деген нормалар каралган. Биз мыйзам документинин бардыгын бул изилдөөбүздө келтире албагандыктан. Анын урунттуу учурларына токтоло кетсек. Алсак, аталган мыйзамдын 18-беренесинде Маалыматтар жарыяланбай турган учурлар каралып, төмөнкүдөй нормалар камтылган:

Массалык маалымат каражатынын органы;

- сот талап кылгандан башка учурларда маалыматтарды өз атын атабоо шарты менен берген адамды атоого;

- алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун кат жүзүндөгү уруксаты болмоюнча алгачкы текшерүүнүн, алдын-ала жана соттук тергөөнүн маалыматтарын жарыялоого;

- анын мыйзамдуу өкүлүнүн макулдугу болмоюнча жашы жетпеген укук бузуучуга тиешелүү ар кандай маалыматтарды ачыкка чыгарууга укуксуз.

Ал эми 19-беренесинде болсо “журналист” ким? - деген суроого жооп катары : “ Коомдун турмушунда болуп жаткан окуялар жөнүндө кабарларды чогултуп, массалык маалымат каражаттары үчүн материалдарды түзүп, редакциялап жана даярдоочу адам ушул Мыйзамга ылайык журналист болуп эсептелет. Журналист жогоруда аталган жумуштарды өз алдынча же редакциянын штаттык кызматкери болуу менен иштөөгө укуктуу” - деп берилген. Ушул эле ыргакты улай мыйзамдын кийинки 20-беренесинде журналисттин укуктары жана милдеттери каралган. Анда: Журналист:

– кабарларды чогултууга жана таркатууга;

– кесипчил журналисттик милдеттерин аткарууга байланыштуу кызмат адамы тарабынан кабыл алынууга;

– кабарлоочунун макулдугу менен маалыматтарды жазууга, анын ичинде зарыл техникалык каражаттар менен жазып алууга;

– журналисттик күбөлүгүн көрсөтүү менен табигый кырсыктар болуп өткөн жерлерде болууга, митингдерге, демонстрацияларга катышууга;

– келип түшкөн материалдарга байланыштуу фактыларды жана жагдайларды текшерүүдө адистерге кайрылууга;

– өзүнүн ынанымына карама-каршы келген материалды түзүүдөн жана кол коюудан баш тартууга;

– редакциялык даярдоонун жүрүшүндө өз пикири боюнча мааниси бурмаланды деп эсептеген материалга кол койбоого;

– эгерде ал мыйзамды бузуу менен байланыштуу болсо, редактор тарабынан берилген тапшырмадан баш тартууга;

– автордук сырды сактоого;

– журналист берген автордук материалды өз эркинче бурмалоо менен редактор тарабынан келтирилген моралдык жана материалдык зыяндардын ордун сот тартибинде толтуруп алууга укуктуу.

– маалымат берген адамдардын авторду көрсөтүү жөнүндө өтүнүчтөрүнө канааттандырууга милдеттүү деген милдет-укуктар так берилген [4-14].

Журналисттик ишемрдиктин негизги жагдайларын дааналап жазып, ким эмнеге укуктуу жана кандай өзгөчөлүктөр бар экендигин белгилөө менен мыйзамдык негизде кыргыз журналистикасынын өнүгүшүнүн расмий өзөгү түзүлгөн деп айтууга болот. Себеби эгемендиктин алгачкы жылдарында сөз эркиндиги деген бийик ураан менен башталган жаңы багыт көп көйгөйлөрдү дагы жаратмак. Өзгөчө массалык маалыматты таратуу жаатында дегенибиз жаш мамлекеттин

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



башкаруу тутумунда дагы, коргонуу тутумунда дагы тажрыйбасыздык байкалып турган. Ошондуктан массалык маалыматтын кайсы багыттагылары мыйзамга туура келет жана кандай маалыматтар мыйзамга да элдин, мамлекеттин кызыкчылыгына каршы келе тургандыгын дааналап белгилөө өтө зарыл эле. Биз жаңыдан сөз кылган Кыргыз республикасындагы журналистиканын өнүгүүсүн шарттаган алгачкы мыйзамдан кийинки жылдарда маалымат таратуу айдыңындагы мүчүлүштүктөрдү жоюуга багытталган толуктоолор менен өзгөртүлүп турду. Мисалга алсак, 1997-жылдын 5-декабрында кабыл алынган маалымат каражаттары жөнүндөгү мыйзамга толуктоолордо " Чындыкка ылайык келбеген маалыматтарды таркаткандык үчүн жоопкерчиликтен бошотулуучу учурлар белгиленген. Ал жерде: Массалык маалымат каражаттары чындыкка ылайык келбеген маалыматтарды массалык маалымат каражаттарында таркаткандык үчүн төмөнкүдөй учурларда жоопкерчилик тартышпай тургандыгы белгиленген;

Мыйзамдын 3-беренеси "Журналист" деген аталыш менен берилет дагы: "Журналист – материалдарды чогултуунун, талдоонун, редакторлоонун, даярдоонун жана маалыматты жайылтуунун үстүндө иштеген чыгармачыл кызматкер" - деп көрсөтүлгөн [6].

Кийинки беренелерге кайрыла турган болсок анда: 4-берене цензурага жол берилбестик маселесин карайт дагы, Кыргыз Республикасындагы массалык маалымат чөйрөсүндө цензурага жол берилбейт. Журналисттен билдирүүлөрдү жана материалдарды алдын ала макулдашууну талап кылууга, ошондой эле материалдын же билдирүүнүн текстин өзгөртүүнү же басма сөздөн (ободон) толугу менен алып салууну талап кылууга эч ким укуксуз. Журналисттин коомдук кызыкчылык туудурган, граждандардын укуктарына, эркиндиктерине жана мыйзамдуу таламдарына, тиешелүү маалыматка жетүүсүнө чек коюуга жол берилбейт.

Мындан тышкары журналисттер мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана мамлекеттик мааниدеги маалыматтарды кармаган жайлардан маалыматты алуунун тартиптерин бекемдеген мыйзамдар кабыл алынып, мурдатан кабыл алынган мыйзамдарга толуктоолор киргизилген. Кыргызстандагы журналистиканын өнүгүүсүн шарттаган акыркы кездерде кабыл алынган мыйзамдардын катарында 2011-жылдагы өзгөртүүлөрдү айтууга болот. Себеби ага жалган маалыматты же адамдын ар-намысына шек келтирген материалдар үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу деген маселе жокко чыгып административдик жоопкерчилик менен гана журналисттердин айрым мыйзамсыз иштерин жөнгө салуу нормасы калтырылды [7]. Ата мекендик журналистиканын өнүгүшү Эгемендиктин алгачкы мезгилинде курч мааниге ээ боло баштаган. Ал эми Кыргызстандын экономикалык абалынын начардыгы журналистика жаатында дагы абдан эле байкалып турган. Анткени эркин гезит-журналдар ишин өркүндөтүп кетүүнүн бирден бир булагы – бул коммерциялык ишмердүүлүк. Тактап айтканда жарнама менен акча таап жан багуу эле. Бирок чөнтөгү жука окурман дайыма эле гезиттерди сатып алып окуй алган эмес. Демек рейтинг жок болсо жарнама берүүчүлөр да алыс болот, бул маселе республиканын борбордук бөлүгү менен аймактарында эки башка абал эле. Учурда Интернеттин күчтүүлүгү менен бардык маалымат мейкиндиктер, электрондуу түрдө коомчулука тарап жатат.

ММК жөнүндө мыйзамдар редакцияга, же электрондук сайттарга маалымат берүүдөн баш тартуунун бир гана себебен карайт. Бул анда мамлекеттик же башка мыйзамда корголуучу сыр болуп саналган маалыматтардын болушу. Мамлекеттик органдын ишинин ачыктыгы жана алардын иши жөнүндө анык маалымат алууга жарандардын мүмкүнчүлүгү мамлекеттик бийлик органдарынын ишине коомдук контроль жүргүзүү үчүн жана мамлекеттин ишин башкарууга алардын катышуусу үчүн негиз катары каралат.

Журналисттин укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги деген маселеде биз негизинен КР журналисттин ишмердигине тийиштүү болгон мыйзамдары жана Кыргызстандагы журналисттердин ишиндеги, милдететрин, жоопкерчиликтерин камтыган укуктук ченемдер, кодекстин негизинде иштелип чыккан колдонмолорго басып жасадык. Акыркы кездерде массалык маалымат каражаттарында жоопкерчилик маселесине басым жасалып жатканы дагы бекер эмес. Себеби биз жогоруда белгилеген 2011-жылы кабыл алынган мыйзамдан кийин журналисттердин көбү такталбаган маалыматтарды таратып, негизсиз маалыматтарды жазуу менен кимдир бирөөнүн ар-намысына оор же жеңил зыян алып келгенинде административдик гана жоопкерчиликке тартылууда. Мунун өзү журналисттик ишмердиктин кадырын кетирип, негизги принциптердин сакталышына тескери таасир берип жатканын адистер белгилешүүдө.

**Адабияттар:**


1. Ибраимкулов К. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынан үзүндүлөр. / Окуу куралы. - Б., 2007. - 14-б.
2. Жумагулов С. Журналисттер үчүн колдонмо. Б., 2008. - 3б.
3. Жумагулов С. Журналисттер үчүн колдонмо. Б., 2008. - 4 б.
4. Жумагулов С. Журналисттер үчүн колдонмо. Б., 2008. - 4б.
5. ММКларды колдоо борборунун маалыматтык сайты.
6. Fokus.kg маалымат сайты.